MANAS Din Bilimleri Dergisi (MDBD) 2023 Cilt: 02 Sayı: 02
Manas Journal of Religious Sciences (MJRS) 2023 Volume: 02 No: 02

Research Paper / Araştırma Makalesi

# Баалуулуктардын Философиялык Негиздери

Сайфулла БАЗАРКУЛОВ[1]

**Öz**
Баалуулуктар-бул адам жашоосунун бардык аспектилерине таасир этүүчү жана башкаруучу баалуулуктар. Бул абал адамдын өмүр бою сакталып кала берет. Ал муну салттуу баалуулуктардын өзгөрүшү жана адамдын жеке жашоосундагы өзгөрүүлөр менен байланыштырды. Жеке баалуулуктар темасы агартуудан кийин күн тартибинде талкуулана баштады. Демек, баалуулуктардын булагы жана билими талкуулана баштады. Ушундан улам, адамдын баалуулуктарын адекваттуу түшүнүү маселеси келип чыгат. Бул макаланын максаты баалуулуктар жөнүндө маалыматты талдоо, алардын булагы, баалуулуктардын объективдүүлүгүн жана субъективдүүлүгүн талкуулоо. Баалуулуктардын теориялык негизин тактоо адамдын жашоосун жеңилдетүү жана баалуулуктардын кагылышуусун азайтуу үчүн маанилүү. Баалуулуктар жөнүндө маалымат макалада адабиятты издөө ыкмасына ылайык философиялык негиздер каралат.

Ачкыч сөздөр: *аксиология, баалуулуктар, баалуулуктардын булагы, баалуулуктардын субъективдүүлүгү, баалуулуктардын объективдүүлүгү*.

## Phılosophıcal Foundatıons of Values

**Abstract**
With the change in traditional values, changes also occur in people's individual lives. Therefore, the source and knowledge of values have begun to be discussed. Values are values that affect and direct all aspects of human life. This situation continues throughout human life. Therefore, there is a problem of understanding the values sufficiently by people. Clarifying the theoretical framework of values is important in terms of facilitating human life and reducing value conflict. Therefore, the aim of the article is to analyze the discussion of knowledge of values, their source, objectivity and subjectivity of values. In the article, information about values and their philosophical foundations are discussed in accordance with the literature review method. While values were traditionally considered to be religiously centered during the Middle Ages, discussions began when individual values began to emerge after the enlightenment. Positivism has a great impact on this. Therefore, from a philosophical perspective, the objectivity and subjectivity of values have come to the fore. Such discussions continue today.

Key words: Axiology, Values, Source of values, Subjectivity of values, Objectivity of values.

[1] ОшМУ АГИ Дин таануу жана жалпы билим берүү дисциплиналар кафедрасынын доценти, п.и.к., sbazarkulov@gmail.com, ORCID: 0000-0003-3902-9938

## Киришүү

Баалуулук – көп мааниге ээ болгон кеңири түшүнүк. Оң мааниде жакшы, терс мааниде жаман деп, колдонулган тармактарга карата түрдүү маанилерде колдонулуп келет. Кээде жакшы, ылайыктуу, көздөлгөн жана баалуу предметтерге (акча, кымбат буюм, атак, күч, ийгилик ж.б.) карата колдонулса, кээ бир учурда адамдарга нарктуу жана алар үчүн маанилүү деп эсептелген ишенимдерди өз ичине камтыйт. Баалуулук түшүнүгү кээде жакшы деп эсептелген конкретүү иш-аракет үчүн, кээде жакшы жана кооз деп абстракттуу өзгөчөлүгүнө/касиет карата да колдонулат (Everett, 929, 36).

Баалуулук – бул инсандын максаттуу иш-аракетке, үлгүлүү жүрүм-турумга багыт алуусу, кызыгуусу, умтулуусу менен байланышкан руханий нормативдик категория. Баалуулуктар адам жашоосунда жана коомдо маанилүү орунда туруп, инсандын жалпы багытталуусун, көз караштарын, иш-аракетин, аныктайт. Баалуулук – бул инсандын жашоосу үчүн эң маанилүү деп эсептелген көрүнүштөр: маданий, табигый, коомдук, диний, тарыхый мүнөздөгү үлгүлүү жүрүм-турум жана салттык эрежелерде орун алат.

Негизинен алганда баалуулук категориясы илимий системанын бир канчалаган багыттарында ар түрдүү аспект менен изилденет. Баалуулук экономикадан философияга, социологиядан психологияга, саясат таануудан теологияга чейин көптөгөн илимдердин изилдөө предмети болуп саналат. Ошондуктан баалуулук түшүнүгүнүн жалпыга текши бирдиктүү аныктамасы жок. Анын ар тарапта колдонулушу баалуулук түшүнүгүнө көптөгөн маанилерди камтуусун шарттаган. Бул изилдөөдө баалуулуктардын философиялык негиздери ачып берилди.

## Аксиология

Адам болмуштагы нерсе, кубулуш, окуяларды таанып-билет, иликтеп түшүнөт. Адам курчап турган дүйнөнү аңдап-түшүнүү, иш жүзүндө аны өзгөртүп-өнүктүрүү менен катар болмуштагы нерселердин маанисин аныктап, баалайт. Кымбат баалуу деген – бул адамдардын ишмердиги баалуулукка болгон мамиле. Баалуулук – ишмердик аркылуу аныкталат. Баалуулук баа берүү аркылуу аныкталат жана баалоо адамдын ишмердүүлүгүнүн бөлүнгүс касиети болуп саналат. Баалуулук ар түрдүү болушу мүмкүн, айтсак: оң же тескери, объективдүү жана субъективдүү, материалдык жана руханий, жалпы адамзаттык жана жеке, диний, этикалык жана эстетикалык.

Баалуулук категориясы, философиянын негизги үч: таанып билүү (эпистемология), болмуш (онтология) жана баалуулук (аксиология) бөлүмүнүн бири болуп саналат. Баалуулуктар жөнүндөгү окуу “аксиология” деп аталат. Аксиология – философиянын бир бөлүгү. Бул термин грекче axia – кымбат, баалуу жана logos - окуу деген сөздөрдөн чыккан. Аксиология – бул философия илиминин кымбат, баалуу дегенди философиялык жактан түшүндүрүү, анын пайда болушун, коомдогу ээлеген ордун үйрөтүүчү окуу (Бөкөшов, 2004, 27). Аксиологиянын өзүнчө окуу катарында калыптанып өнүгүшү немец физиологу жана философу Рудольф Х. Лотценин ысмы менен байланышкан. Ал XX кылымдын экинчи жарымынан баштап баалуулукту илимдин негизги объектиси катары кароо зарылдыгын далилдеген (Henckmann, 2004, 147). Кийинчерээк анын шакирти Вильгельм Виндельбанд, В. Виндельбандтын шакирти Генрих Рикерт жана акырында Макс Шелер жана Николай Гартманн “баалуулуктар философиясын” изилдөөнү улантышкан.

“Баалуулук” категориясын, болмуштагы кубулуштардан (фактылар) жана аларды акыл-ой аркасында таанып-билүүдөн айырмаланарын баса белгилеген. Ошондон баштап аксиология ушул аты менен философиянын өзгөчө тармагы катарында каралып келет. Баалуулук философия илиминдеги татаал категориялардын бири. Ал тургай немис метафизиги Вильгельм Виндельбанд (1848-1915), философия – жалпысынан алганда баалуулуктар тууралуу окуу деген пикир менен “баалуулуктар илими/аксиология” деп да атаган. Жада калса Виндельбанд философияны жалпы баалуулук философиясы (немец

Wertephilosophie) катары карайт. Ал баалоо адамдарга гана тиешелүү болгондуктан тарыхый окуяларды мыйзамдаштыруу мүмкүн эмес, бир гана баа берүү керек деп кабылдайт (Hançerlioğlu, 1976, 278).

Аксиологиянын маселелерин төрт теманын алдында топтоого болот: 1. Баалуулуктун табияты же маңызы маселеси; 2. Баалуулуктун түрлөрү маселеси; 3. Баалуулук маселесинин ченөлчөмү; 4. Баалуулуктардын метафизикалык абалы маселеси. (Dictionary of Philosophy, 1959, 32).

Философия тарыхына назар салганда, байыркы философтор аксиология терминин колдонушпаса да аксиологиянын башаты антикалык доордо эле изилдене башталган. Софисттерден тартып Сократка чейинки мезгилдерде баалуулуктар темасы ар кандай түшүнүктөрдө талкууланып келген. Ар кайсы тарыхый доорлор баалуулук түшүнүгүнө өзүнүн изин калтырып кеткен. Мисалы антикалык доордо Сократ алгачкылардан болуп адам бул жашоого келгендеги вазыйпасы, адам өмүрүнүн маңызы, жамандык менен жакшылык сыяктуу ойлордун тегерегинде терең ойлонгон. Мына ошондон улам Сократка моралдык баалуулуктардын, башкача айтканда, адеп-ахлактын түзүүчүсү деп аташат. Баалуулуктар темасына эң алгач кайрылган ойчул Платон болуп, андан соң философтор тарабынан жакшы, жаман, максат, туура, бактылуулук жана өтүмдүүлүк сыяктуу түшүнүктүн негизинде жалпы адамзаттык баалуулуктар талкууга алына баштаган (Encyclopedia of Religion and Ethics, 1980, 584). Орто кылымдарда баалуулук түшүнүгү диний ишенимдер менен байланышат, ал эми кайра жаралуу доорунда баалуулуктар биринчи планда гуманизм түшүнүгү менен үндөшүп турган.

Агартуу доорундагы философтордун, андан соң позитивист философтордун *баалуулуктар категориясын* философияга, өзгөчө этикага жанаштырбоого багытталган аракеттеринин натыйжасында, "илим" дегенде "табият таануу илимдерин" гана түшүнүү керектиги жөнүндө көз караш калыптанып келген. Кийинчерээк О. Конттун "социология" илиминин мисалында, "гуманитардык илимдерди" да табият таануу илимдеринин методдорун колдонуу менен изилдөө аракеттери XIX кылымдын экинчи жарымынан баштап сындала баштаган (Özlem, 2002, 290). Мындай аракеттердин натыйжасында илимде изилденбей келген жакшылык жана кара санатайлык, кооздук жана көрксүздүк сыяктуу баалуулуктарды изилдеген философиянын булагы болгон аксиология дисциплинасы пайда болгон. Бул жараян салттуу коом өз формасын өзгөртүп адеп-ахлактык, эстетикалык жана диний баалуулуктар өз күчүн жогото баштаган мезгилге туура келет (Henckmann, 2004, 147).

Баалуулук түшүнүгү экономикалык (нарк маселеси) түшүнүктөрдүн бири болуп, экономикадан этикага кирген категория. Экономикалык категория катары "нарк" адамдын эмгегинин продуктусуна, буюмдарга жана акчага тиешелүү; "колдонуудагы жана алмашуудагы нарк" дегенди билдирет. В. Франкена баалуулук категориясын экономика же саясий-экономика илимдерине байланыштуу пайда болгондугун, кийинчерээк баалуулук теориясы (*theory of value*) экономика илиминде негизги категория катары колдонулуп келет. Мында нерсенин кооздугу, тууралыгы, ишенимтүүлүгү сыяктуу сыпатын эмес, наркын билдирет (Frankena, 1972, 229).

Жогоруда В. Франкена белгилегендей, экономика тармагында колдонулган нарктын/баанын, философиялык баалуулук менен түдөн-түз эч кандай байланышы жок. *Баалоо иш аракетинин* натыйжасында пайда болгон нарк менен кыйыр байланышта. Экономикда баалуулук – аныкталган нарк менен, б.а. предметтин аныкталган баасы катары колдонулат (Kuçuradi, 1971, 54).

Баалуулук философияда баалоо жана баалуулук маселеси болуп эки формада изилденет. Жакшы – бул эмне?, кооз, пайдалуу, туура – деген бул эмне? сыяктуу суроолор баалоо иш-аракетин билдирсе; урмат, чынчылдык, адилет, теңдик сыяктуу инсандардын

ортосундагы мамилелердин түпкү маанисине байланыштуу суроолор, абстрактуу түрдөгү баалуулуктарды туюнтат (Toku, 2002, 103).

Заманбап дүйнөдө баалуулук категориясы, баалуулуктардын норматизми (доминанттык күчү) эске алынбай, баалоо иш-аракети катары түшүнүлгөндүктөн, эпистемологиялык категория катары кабылданып, натыйжада “баалуулуктардын релятивдүүлүгү” деген түшүнүк келип чыгууда (Toku, 2002, 107). Демек, мындай учурда баалоо иш-аракети инсанга таандык аракет болгондуктан, баалоонун субъективдүүлүгү б.а. салыштырмалуу түрдө ишке ашуусу табигый көрүнүш болуп саналат. Баалуулуктарга карата мындай мамиленин натыйжасы, заманбап инсандын өз кызыкчылыгын гана ойлогон прагматист түшүнүктү пайда кылат. Мында прагматист инсандын жеке кызыкчылыгы коомдук кызыкчылыктан жогору турат. Ошентип инсан өз кызыкчылыгы үчүн аракеттенүү менен кандайдыр бир деңгээлде кыйыр түрдө коомго салым кошуусу кабылданат. А бирок мында коомдук кызыкчылык заманбап инсандын жеке бактылуулугуна салым кошпой тургандыгы жөнүндөгү түшүнүк таңуланып жаткандай (Poole, 1993, 85-86). Натыйжада баалуулуктардын булагы жөнүндөгү көз караштардын талкуусу башталат.

## Баалуулуктардын булагы

Баалуулуктарга байланыштуу маселелердин бири баалуулуктардын булагы болуп эсептелет. Бул маселеге байланыштуу эки көз караш кеңири тараган. Биринчи көз карашты тутунгандар – баалуулуктардын булагын кудай же дин, экинчи көз карашты тутунгандар – баалуулуктардын булагы инсан, тагыраак айтканда инсандын аң-сезими деп таанығандар. Бул көйгөй баалуулуктардын же адеп-ахлактын булагы тууралуу талаш-тартыштар менен түздөн-түз байланышта болуп, философия тарыхы боюнча уланып келет.

Эгерде баалуулуктардын булагы катары кудай деп кабыл алына турган болсо, анда ал нукура чындык, айныгыс акыйкат эсептелип, аны инсан өзгөртүүгө, алмаштырууга укугу жок (Pieper, 1999, 111-113).

Н. Өнер, диний баалуулуктарды төмөндөгүчө негиздөөгө аракеттенет: “Инсан, трансцендеттүү кудайдан башка инсандардан качып кутулуусу мүмкүн. Анткени алар убакыт жана мейкиндикке көз каранды. Бирок инсандын качып кутула алгыс, баарын көрүп туруучу Кудай бар. Мындай улуу Жаратканга ишенбеген инсан өзгөрбөс баалуулуктарга ээ болбойт. Инсанды көзөмөлдөп, аны туура жолго багыттаган укук эрежелеринен тышкары да ички көзөмөлдүн болуусу кажет. Ички көзөмөл – бул жоопкерчиликтин ишенимдүү жана күчтүү булагы болуп, Кудайга ишенүү менен гана калыптанат” (Öner, 1999, 183).

Эгерде баалуулуктун булагы катары инсандын аң-сезими жана баалоо аракети деп эсептесек, анда баалуулуктар интеллектуалдык ой жүгүртүүлөрдүн жана турмуштук практикасынын натыйжасында калыптанат. Демек, баалуулуктар ар кайсы мезгилде жана аймактарда жашаган инсандарга карай өзгөрүшү мүмкүн. Бул мамиле социологиялык: Баалуулуктар космостук эмес, коомдук түзүлүштүн предмети болуп саналат. Алар коомдун мүчөлөрүн жана ар кандай коомдогу социалдык функцияларды коргоо үчүн абдан маанилүү. Бирок адамдык баалуулуктар түбөлүктүү чындык болгондуктан эмес, алар коомдук пайда бергени үчүн сакталып келет. (Walters, 1995, 27).

Мында баалуулуктардын релятивдүүлүгү жөнүндө сөз болот. Динге негизделбеген баалуулук концепцияларынын жалпы өзгөчөлүгү – бул адеп-ахлактык жана баалуулук принциптерин аныктоодо шартка карай өзгөрбөс, туруктуу ченемдин болбогондугу болуп эсептелет. Ал эми өзгөрбөс адеп-ахлактык ченемдин жетишсиздиги адеп-ахлактык релятивизмге жана скептицизмге алып келет (Kılıç, 1998, 161).

Баалуулуктардын пайда болушунда эки негиз бар: биринчиси – таанып-билүү, экинчиси – ишеним. Баалуулуктар бир тараптан таанып-билүүгө таянса, экинчи тараптан ишенимге таянат. Бирок мында кайсы баалуулуктар жалгыз гана таанып-билүүгө, кайсылары ишенимге негизделген деген суроо туулат. Бул суроого жооп бардык баалуулуктарда түрдүү катышта таанып-билүүнүн жана ишенимдин үлүшү бар экендиги менен түшүндүрүлөт. (Ülken, 1965, 8).

Баалуулуктардын практикалык жашоого тиешелүү аспектиси бар жана маселеге ушул өңүттөн караса ар кандай натыйжаларга жетишүүгө болот. Адам баласы, өзүн кыймыл-аракетке келтирген жана аларга багыт көрсөткөн баалуулуктар системасы менен чырмалган чөйрөдө жашайт. Баалуулуктар дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөр – бул чөйрөнүн өзгөрүүсү эмес, анын ичиндеги элементтердин, шарттардын өзгөрүүсү болуп саналат. Бул болсо, инсандын баалоо аракети гана өзгөрүп, ал эми баалуулуктун өзү туруктуу, өзгөрүүсүз каларын билдирет (Poyraz, 1995, 176). Мында баалуулуктарды кандайдыр бир түшүнүк катары кабылдагандар үчүн баалуулуктардын релятивизми тууралуу сөз болот. Негизинен баалуулуктар – бул кандайдыр бир түшүнүк эмес, жашоодо колдонулуучу жана ишке ашырыла турган мүмкүнчүлүктөр болуп эсептелет.

Баалуулуктарга берилген аныктамалар гносеологияга таандык болсо да, негизинен инсандын баалоо иш-аракети болуп саналат. Анткени инсан аткарган ар бир баалоо иш-аракетинде теориялык жана практикалык жактан өзү активдүү катышат. Ошондуктан баалуулук маселеси жалгыз гана теориялык же практикалык жактан эмес, тескерисинче адамдын бүтүндүгү жагынан каралуусу керек (Kuçuradi, 1971, 100-105).

Демек, баалуулуктар жөнүндөгү окуу философиянын тарыхында жалпысынан объективдүүлүк-субъективдүүлүк карама-каршылыгынын чегинде каралып келет. Байыркы доордон позитивисттик жана постмодернисттик көз караштын өкүм сүргөн бүгүн да баалуулуктардын субъективдүүлүгү жана объективдүүлүгү жөнүндө талкуу уланып келүүдө.

**Баалуулуктардын объективдүүлүгү жана субъективдүүлүгү**

Философия тарыхында байыркы доорлордон баштап азыркы учурга чейин баалуулуктар предметтик же адамдарга сырттан келген өзүнүн объективдүүлүгү менен трансценденттүү субъекттер катары корголуп келген. Бул эки түрдүү коргонуунун негизинде, салыштырмалуу баалуулуктар менен абсолюттук (объективдүү) баалуулуктардын ортосундагы айырма талкууланып келүүдө.

Баалуулуктар маселесиндеги субъективдүүлүк жана объективдүүлүк карама-каршылыгын талкууга алган окумуштуулар бар. Булардын ичинен кеңири белгилүүсү – Э. Трельчтин концепциясы болуп саналат. Э. Трельчтин көз карашы боюнча, баалуулуктардын көп түрдүүлүгүн маданий көп түрдүүлүктөн улам пайда болот. Ошондой эле табияттан сырткары бардык маданияттарды камтыган универсалдуу баалулуктардын тобу жана системасы жок, ал пайда да болбойт. Тескерисинче, өзгөчө жана белгилүү бир маданий чөйрөдө узакка созулган маданият синтезине жана баалуулуктардын биримдигине жетишүүгө мүмкүн. Бүткүл адамзатты бириктире турган абсолюттук (ыйык) баалуулук же баалуулуктар болбойт. Абсолюттук жана ыйык баалуулуктарды издөө – бул көмүскө релятивизмге умтулуунун натыйжасы деп белгилөө менен бул жашоодо маданий империализмге алып келет деп ойлойт (Özlem, 2002, 300).

Ал эми XX кылымда экзистенциалист К.Ясперстин ою боюнча адам баласы табиятынан тарыхый өтмүшкө ээ жана баалуулуктардын тарыхый мүнөзү жана релятивдүүлүгү болмуштун тарыхый өзгөчөлүгү менен түшүндүрөт. Баалуулуктар адам баласынын тиричилик шарттарында жаралат. Баалуулук релятивизми жашоодо жок нерсе, ал сырттан караган байкоочунун пикири болуп саналат, б.а. байкоочу катары

баалуулуктардын көптүгү жана релятивизм тууралуу кеп болот. Ал эми жеке турмушубузда баалуулукту релятивдүү деп кабылдабастан, тескерисинче абсолютташтырабыз. Тилил же бул шартта болсо да адам баласы өз жашоосунда баалуулуктарды абсолюттук өзгөрбөс деп билет. Инсан өз турмушунда сырттан карап өз баалуулуктарынын релятивдүүлүгүн аңдаса да, өздүк баалуулугун абсолюттук өзбөрбөс деп кабыл алуусуна эч кандай тоскоолдук жаратпайт". Ошондой эле Ясперс мындай тажрыйба универсалдуу эмес экендигин да белгилеп өткөн (Özlem, 2002, 301).

Тарых философтору баалуулуктардын тарыхый, социалдык жана маданий шарттар аркылуу аныкталат деп эсептешет. Жалпы объективдүү жана абсолюттук баалуулуктар жөнүндө сөз кылуу мүмкүн эмес. Тарыхый, социалдык жана маданий шарттар өзгөрмөлүү болгондуктан, баалуулуктардын да өзгөрүүсү – бул табигый кубулуш. Бул өзгөрүүнүн сапаты жана формасы тууралуу билүү кажет деп эсептелет. Баалуулуктар коомдук чөйрөдө пайда болгондуктан, ошол коомдун өзгөчөлүктөрүн камтыйт. Демек, баалуулуктар релятивдүү жана алардын салыштырмалуулугу философиялык тандоо эмес, тарыхый шарттарга көз каранды болуп түптөлөт (Özlem, 2002, 311).

Философия тарыхында релятивизмдин алгачкы өкүлдөрү деп эсептелген софисттердин субъективисттик философиялык көз карашты көрсөткөндүгү ачык көрүнүп турат, муну Протагордун «адам бардык нерсенин критерийи» деген сөзүнөн билсе болот. Баалуулуктар маселесинде софисттер наркты адамдын квалификациясы жана атрибуциясы, б.а. объект же кубулушту чечмелөө катары кабыл алышкан. Алар баалуулуктар темасына түздөн-түз кайрылып, талкуулашпаса да, алардын релятивисттик түшүнүгү чындыгында алар баалуулуктардын салыштырмалуулугунун биринчи жактоочулары болгондугун көрсөтүп турат. Бул контекстте баалуулуктар табият мыйзамдары сыяктуу жалпы күчкө ээ болгон мажбурлоочу күчкө кыскартылбайт, бирок алар адамдар тарабынан аныкталгандыктан, ар дайым эле ар бир адам үчүн жарактуу боло бербейт. Демек, софисттер үчүн бул жагдай коомдук турмуштагы баалуулуктардын көптүгүн жана баалуулуктарга карата чындап сезилген релятивизмди көрсөтөт (Özlem, 2002, 284-285).

Баалуулуктун онтологиялык негизи адам баласы өндүрүмү/табылгасы деп жактаган М. Вебердин көз карашы боюнча, баалуулуктар ар бир тарыхый доордо, ар бир улутта жана ар бир адамзат коомчулугунда ар түрдүү мааниде кездешет (Özlem, 1990, 73). Мисалы, ар бир сүрөтчүнүн өзүнчө бир "кооздук, сулуулук" идеясы болот. Ал өз алдынча кооздуктун маанисин, баасын аныктайт. Ал эми жалпы сүрөтчүлөргө таандык кооздуктун бир гана мааниси, белгилүү аныктамасы болбойт. Башкача айтканда, "кооздук" чиймеси жана түзүлүшү жагынан текши кабыл алынган болсо дагы, сүрөтчүлөр тарабынан түрдүү тарыхый мезгилдерде бул баалуулукка берилген маани, б.а. баалоо аракеттери (аныктамалары) түрдүүчө болуп, баалоо аракети чектелбейт. Мындан улам баалуулуктар коомдон коомго жана доордон доорго өзгөрөт (Kuçuradi, 1971, 9).

М. Шелер, баалуулуктар предметтер менен инсандарда байкалгандыгы менен, предметтердин же инсандын касиети эмес, өз алдынча абстракциялык түзүлүшкө ээ экендигин белгилейт. Баалуулуктардын материясы сезим аркылуу кабыл алынбай турган, конкреттүү-объективдүү мазмунга ээ болбогон, тескерисинче, ички туюм (имманенттик) аркылуу кабылданган эксперименттик эмес, акылга таянган объективдүү категория. Баалуулукту алып жүрүүчү объектиси инсан эмес, өтүмдүү касиет экендигин далилдөөгө далалат кылган (Pieper, 1999, 211).

Сезим-туюу түшүнүгү нагыз абсолюттук баалуулуктарга байланыштуу иш-аракет экендигин белгилеген М. Шелер, баалуулукту субъектинин аң-сезиминен көз карандысыз феномен катары аныктайт. Баалуулуктар ой жүгүртүү аркылуу эмес, инсандагы баалуулуктарга таандык атайын "орган" аркылуу кабыл алат. Кадимки эле көздүн көргөндөрүн сактоосу сыяктуу эле, максаттуу туюм да баалуу нерсеге ээ болууну көздөйт.

Мында туюу дегенде, материалдык, сапаттык түзүлүштүн сезилишин, кабыл алынышы болуп эсептелет (Pieper, 1999).

М. Шелердин көз карашы боюнча, баалуулуктар, руханий жана диний баалуулуктар негизинен өзгөрбөс болуу менен салыштырмалуу. Шелердин баалуулук идеализмине ылайык абсолюттук баалуулуктар жөнүндөгү көз карашы жана ыйык баалуулуктарга берген мааниси теологиялык абсолютизмдин алкагында баа берүүнү талап кылат. (Özlem, 2002, 294). Ал коомдон коомго карай өзгөргөн, же топтордун адеп-ахлактык ишенимдери менен тажрыйбаларынын ар түрдүү болушун, ар бир коомдун абсолюттук баалуулуктарды өз перспективасына ылайык жана чындыкка түрдүү көз караш менен карагандыгында. Натыйжада релятивдүү болгон адептик баалуулуктар эмес, билим жана көз караш болуп эсептелет. Мында маселе баалуулуктардын салыштырмалуулугу эмес, баалуулук перспективизми жөнүндө гана сөз кылууга болот. Баалуулук перспективизми, баалуулуктардын негизинен абсолюттук жана өзгөрүлбөс, бирок ошол эле баалуулуктар жөнүндөгү түшүнүк билимдин салыштырмалуу экендигин кабылдаган түшүнүк. Коомдордун же катмарлардын ар кандай адеп-ахлактык баалуулуктарга ээ болушу же ар кандай тажрыйбаларды көрсөтүшү бул баалуулуктардын коомдорго салыштырмалуу/релятивдүү экендигин билдирбейт, коом баалуулуктарга ар кандай көз караште кабылдагандыгын ырастайт. Салыштырмалуулук баалуулуктар эмес, биздин баалуулуктар жөнүндөгү билимибиз. Бул түшүнүккө ылайык, эгер адам баалуулуктарга Кудайдын көз карашы менен мамиле кыла алса, ал баалуулуктарды туура жана абсолюттук катары көрөт. (Cevizci, 2000, 223).

Баалуулуктар, диний көз караш боюнча, абсолюттук өзгөрбөс болуп саналат. Ошентип, М. Шелер баалуулуктардын адам баласына жана анын тарыхый абалына жана жашап жаткан мезгилдин талабына ылайык салыштырмалуу болгону менен, мазмуну жана принциптери жагынан инсанга көз каранды эмес, абсолюттук экендигин ырастайт. Ушундай ыкма менен салыштырмалуу көз караштан арылууга аракет жасайт. Натыйжада баалуулуктардын мезгил жана тарыхый шарттарга карата өзгөрүүсү эмес, тескерисинче инсандын баалуулуктар жөнүндөгү аң-сезими же көз карашы өзгөрөрүн кабылдайт.

“Баалуулук” жана “баалоо” категорияларын бири-биринен айырмалоо – релятивизмден арылуу үчүн жасалат. Баалоо аракети – мезгилге жана шартка ылайык өзгөрмөлүү жана салыштырмалуу болот. Ал эми баалуулуктун өзү башталышы жана аягы жок, эч өзгөрбөйт. М. Шелер мында баалуулуктарды идеалдуу деп белгилөө менен, Платондун “идеялар дүйнөсүнөн” айырмалайт.

Баалуулуктар темасында М. Шелерден соң талкууну уланткан Николай Гартман (Hartmann, 1882-1950), баалуулуктар адам баласы тарабынан ачылып, аңдап, баркын байкаганын билдирет. Адам баласы баалуулукту көрбөйт, баалуулук мамилени эмоциялык - трансценденталдык мүнөздө сыпаттаган, мезгилдин өтүшү менен инсан тарабынан өздөштүрүлөт. Адам баласы баалуулуктардын жаратуучусу эмес, табуучусу гана болуп саналат (Akarsu, 2002, 21-22). Н. Гартмандын теориясы, М. Шелердин пикирине шайкеш келгени менен, андан айырмаланып баалуулуктарды “ыйык” деп кабылдабайт. Бирок Н. Гартман, баалуулуктарды идеалдуу деп таануу менен баалуулук идеализмин колдоп, баалуулуктарды метафизиканын түрү деп кабылдайт.

Баалуулуктарды субъективдүү жана объективдүү негиздөөнүн жетишсиздин карманган пикирлер да бар. Анткени, баалуулуктар абсолюттук түрдө предметтердин же кубулуштардын касиети эмес, инсан тарабынан да жаралган эмес (Randall & Buchler, 1989, 108). Буга мисал: алмаз – өзүнчө эле турганда баалуу эмес, ал инсанга белгилүү бир мааниде (киреше алып келүүсү, пайдалуулугу жагынан, ал эми бул пайда материалдык жана руханий пайда да болушу мүмкүн) сапатынын касиетинин негизинде баалуу болуп саналат. Ошону менен бирге алмаздын сапаты инсан тарабынан да жаратылган эмес.

## Корутунду

Баалуулуктар байыркы замандан бүгүнкү күнгө чейин талкуу жараткан негизги маселелердин бири болуп саналат. Анткени баалуулуктар категориясы абстракттуу мүнөзгө ээ болгондуктан ар кандай дисциплиналар тарабынан түрдүүчө кабыл алынышы себеп болуп көрсөтүлөт. Бул айырмачылыктар негизинен "баалуулуктардын булагы эмнеде?" деген суроонун жообуна ылайык келип чыгат. Натыйжада, баалуулуктар темасында талкуулар объективдүү баалуулук теориясы менен субъективдүү баалуулук теориясынын ортосундагы карама-каршылыктын чегинде болуп жаткандыгын айтууга болот. Объективдүү баалуулук теориясын жактагандардын ою боюнча, жакшы баалуулуктарды жараткан мотивдердин универсалдуулугу бар жана дайыма жарактуу. Ал эми субъективдүү баалуулуктар теориясынын жактоочуларынын көз каршы боюнча баалуулуктар инсанга көз каранды жана алардын шартка, мезгилге карата өзгөрүп турарын кабылдашат. Алардын ою боюнча, баалуулуктар универсалдуу күчкө ээ болбойт, салыштырмалуу жана конкреттүү кырдаалдарга көз каранды.

Негизинен баалуулуктарды кудай жана адам тарабынан жаратылган деп булагына карата экиге бөлүп, бири-бирине карама каршы коюунун ордуна, алардын бири-бирин толуктоочу экендигин туура түшүнүү кажет. Анткени руханий жана абсолюттук баалуулуктар өзгөрүлбөс болуу менен Жараткан тарабынан жиберилсе, материалдык жана турмуштук социо-экономикалык баалуулуктар жашоо шартка ылайык адамдар тарабынан баалангандыктан, салыштырмалуу болуусун табигый көрүнүш катары кабылдоо кажет. Анткени мезгилдин жана шарт жагдайга карата баалуулуктардын өзгөрүүсү эмес, адамдардын муктаждыкка жараша өзгөрмөлүү болуп саналат. Натыйжада абсолюттук болгон максат баалуулуктарга жетүүдө ортомчу баалуулуктар өзгөрүүсү мүмкүн, идеалдуу жана универсалдуу баалуулуктар өзгөрбөйт.

## Адабияттар/References

Bedia Akarsu, "Değişen Dünyada Bilim ve Değerler", *Bilgi ve Değer,* Editör: Şahabettin Yalçın, Vadi Yayınları, Ankara 2002.
Cevizci Ahmet, "Değer Perspektivizmi", *Felsefe Sözlüğü,* 4. Basım, Paradigma, İstanbul 2000.
Cevizci Ahmet, *Etiğe Giriş,* 1. Baskı, Paradigma, İstanbul 2002.
Dictionary of Philosophy, "Axiology" maddesi, edited by Dagobert D. Runes, Iowa, Littlefield Adams& Co., 1959.
Encyclopedia of Religion and Ethics, "Value" maddesi, C. XII., Ed. Hastings James, John A. Selbic, Louis H. Gray, Edinburg, T.&T. Clark, Charles Scribner's Sons, New York 1980.
Everett Walter Goodnow, *Moral Values*, Henry Holt and Company, New York 1929.
Frankena William K., "Value and Valuation", *The Encyclopedia of Philosophy,* Volume VIII, Editor Chief Paul Edwards, Macmillan, New York 1972. 229-232.
Hançerlioğlu Orhan, *Felsefe Ansiklopedisi (Kavramlar ve Akımlar)*, C. I, Remzi Kitabevi, Ankara 1976.
Henckmann Wolfhart, "Max Scheler Değerlerle İlgili Olgusalcılık", *20. Yüzyıl Filozofları,* Margot Fleischer, Çev. Akın Kanat, 1. Baskı, İlya Yayınları, İzmir 2004.
Kılıç Recep, *Ahlakin Dini Temeli,* 3. Baskı, Türkiye Diyanet Vakfı Yayınları, Ankara 1998.
Kuçuradi İoanna, *İnsan ve Değerleri,* Yankı Yayınları, İstanbul 1971.
Öner Necati, *Felsefe Yolunda Düşünceler,* Akçağ Yayınları, Ankara 1999.
Özlem Doğan, "Değerler Sorununda Nesnelcilik/Mutlakçılık ve Öznecilik/Rölativizm Tartışması Üzerine", *Bilgi ve Değer,* Editör: Şahabettin Yalçın, Vadi Yayınları, Ankara 2002.
Özlem Doğan, *Max Weber'de Bilim ve Sosyoloji,* Ara Yayınları, İstanbul 1990.
Pieper Annemarie, *Etiğe Giriş,* Çev. Veysel Atayman-Gönül Sezer, 1. Basım, Ayrıntı, İstanbul 1999.
Poole Ross, *Ahlak ve Modernlik,* Çev. Mehmet Küçük, Ayrıntı Yayınları, İstanbul 1993.
Poyraz Hakan, *Dil ve Ahlak,* Vadi Yayınları, Ankara 1995.
Randall John Herman & Buchler Justus, *Felsefe Giriş,* Çev. Ahmet Arslan, 2. Baskı, Ege Üniversitesi Edebiyat Fakültesi Yayınları, İzmir 1989.
Toku Neşet, "Değerlerin Dilemması: Sübjektiflik ve Objektiflik", *Bilgi ve Değer,* Editör: Şahabettin Yalçın, Vadi Yayınları, Ankara 2002, 101-113.

Ülken Hilmi Ziya, *Değer, Kültür ve Sanat,* İstanbul Teknik Üniversitesi Rektörlük Konferansları Sersisi İstanbul 1965.
Walters J. Donald, *Modern Düşüncenin Krizi,* Çev. Şahabettin Yalçınkaya, İnsan Yayınları, İstanbul 1995.
Бөкөшов Ж., Баалуулуктар дүйнөсү, Философия: энциклопедиялык окуу куралы/ Башкы редактор Ү. Асанов, жооптуу редактор А. Ч. Какеев. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. - Б.: 2004. ISBN 9967-14-020-8. https://new.bizdin.kg/media/books/Философия_энциклопедия.pdf.